**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

________________№________ Бишкек шаары

## Жөнөкөйлөтүлгөн схема боюнча объекттерди электр менен жабдуу жана электр тармактарына кошуу үчүн техникалык шарттарды берүүнүн тартиби жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 4-июнундагы № 319 "Мамлекеттик органдардын укуктук мүнөзгө ээ актыларын кабыл алуу тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, буйрук кылам:

1. Жөнөкөйлөтүлгөн схема боюнча объекттерди электр менен жабдуу жана электр тармактарына кошуу үчүн техникалык шарттарды берүүнүн тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Адам ресурстары жана иш кагаздарын жүргүзүү башкармалыгы ушул буйрукту каттоо жөнүндө өзүнчө журналда каттоосун жүргүзсүн жана "Электрондук документ жүгүртүүнүн мамлекеттик системасы" автоматташтырылган маалымат системасына киргизсин.

3. Электр энергетика башкармалыгы:

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин расмий веб-сайтына мамлекеттик жана расмий тилдерде катталган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде жарыяласын;

- ушул буйруктун электрондук версиясын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине электрондук документ жүгүртүү системасы аркылуу катталган күндөн тартып жети жумушчу күндүн ичинде Укук маалыматтарынын борбордоштурулган банкына киргизүү үчүн жөнөтсүн.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө электр энергетика башкармалыгына жүктөлсүн.

## Об утверждении Порядка выдачи технических условий для электроснабжения объектов по упрощенной схеме и подключения к электрическим сетям

В соответствии с постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О порядке принятия актов государственных органов, обладающих правовым характером» от 4 июня 2025 года № 319 приказываю:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

1. Утвердить Порядок выдачи технических условий для электроснабжения объектов по упрощенной схеме и подключения к электрическим сетям согласно приложению.

2. Управлению человеческих ресурсов и делопроизводства произвести регистрацию настоящего приказа в отдельном журнале о регистрации актов и внести в автоматизированную систему «Государственная система электронного документооборота».

3. Управлению электроэнергетики:

- в течение трех дней со дня регистрации настоящего приказа разместить настоящий приказ на государственном и официальном языках на официальном веб-сайте Министерства энергетики Кыргызской Республики;

- в течение семи рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа направить электронную версию через систему электронного документооборота в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Централизованный банк данных правовой информации.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на управление электроэнергетики.

**Министр** **Т.Ө. Ибраев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Энергетика
Министрлигинин
2025-ж. “_____” __________
№ _________
буйругу менен бекитилген

**Жөнөкөйлөтүлгөн схема боюнча объекттерди электр менен жабдуу жана электр тармактарына кошуу үчүн техникалык шарттарды берүүнүн тартиби**

## Жалпы жоболор

Бул тартип чакан кубаттуулуктагы объекттерди электр тармактарына кошуу үчүн техникалык шарттарды аныктоодо жана берүүдө энергия менен жабдуучу уюмдар менен жеке / юридикалык жактардын ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салат.

## Колдонуу чөйрөсү

Бул тартип 30 кВт чейинки чакан кубаттуулуктагы объекттерди электр менен жабдуу зарыл учурда, аларды жаңы электр тармактарын курбастан кошууга мүмкүн болгондо жана алар өздүк үй куруунун аймагында жайгашкан учурда колдонулат.

## Максаттары жана милдеттери

Бул тартип төмөнкүлөрдү белгилейт:

Электр менен жабдууга техникалык шарттарды алуу жана аткаруу тартиби.

## Арыз берүүнүн тартиби

Техникалык шарттарды берүү энергия менен жабдуучу уюм тарабынан жеке же юридикалык жактын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жүзөгө ашырылат.

## Арызга тиркелүүчү документтердин тизмеси

Арызга төмөнкүлөр тиркелиши керек:

- өздүгүн тастыктаган документтин көчүрмөсү (жеке жактар үчүн) же мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү (юридикалык жактар үчүн), ошондой эле устав жана жетекчини дайындоо жөнүндө документ (буйрук же протокол);
- объектиге же жер участогуна укук белгилөөчү документтер (техникалык паспорт, сатып алуу-сатуу, белекке берүү келишими, менчик жөнүндө күбөлүк, жер участогуна мамлекеттик акт, мурас жөнүндө документтер);

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- керектөөчүлөрдүн тобун туташуу чекитин көрсөтүү менен сатуу кызматынын тескөөчүсүнүн текшерүү актысы (ОМТСка ылайык тарифти туура колдонуу үчүн).

**Арызды кароо мөөнөтү**

Энергия менен жабдуучу уюм арызды жана документтердин толук пакетин кабыл алган күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде техникалык шарттарды берет.

**Техникалык шарттардын колдонуу мөөнөтү**

Арыз ээси техникалык шарттарда көрсөтүлгөн талаптарды аткарууга милдеттүү.

Техникалык шарттардын иштөө мөөнөтү - 6 ай.

Ушул Тартипке ылайык берилген техникалык шарттар кубаттуулуктун андан ары көбөйтүлүүсүнө жатпайт.

**Корутунду жоболор**

Энергия менен жабдуучу уюм кошуу үчүн техникалык шарттарды берүү жана документтердин зарыл пакетин кароо үчүн жоопкерчилик тартат.

Ушул Тартип менен жөнгө салынбаган бардык маселелер Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык чечилет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Приложение

Утвержден приказом
Министерства энергетики
Кыргызской Республики
от «___» _________2025 года
№ ___________________

**Порядок выдачи технических условий для электроснабжения объектов по упрощенной схеме и подключения к электрическим сетям**

**Общие положения**

Настоящий Порядок регулирует взаимоотношения между энергоснабжающими организациями и физическими / юридическими лицами при определении и выдаче технических условий для подключения объектов малой мощности к электрическим сетям.

**Сфера применения**

Настоящий Порядок применяется при необходимости электроснабжения объектов малой мощности до 30 кВт, подключение которых возможно без строительства новых электрических сетей и которые расположены на территории собственного домостроения.

**Цели и задачи**

Настоящий Порядок устанавливает:

Порядок получения и выполнения технических условий на электроснабжение.

**Порядок подачи заявления**

Выдача технических условий осуществляется энергоснабжающей организацией на основании письменного заявления физического или юридического лица.

**Перечень документов, прилагаемых к заявлению**

К заявлению должны быть приложены:

- копия документа, удостоверяющего личность (для физических лиц), либо копия свидетельства о государственной регистрации (для юридических лиц), а также устав и документ о назначении руководителя (приказ или протокол);

- правоустанавливающие документы на объект или земельный участок (технический паспорт, договор купли-продажи, дарения, свидетельство о собственности, госакт на земельный участок, документы о наследстве);

- акт обследования инспектора службы сбыта с указанием группы потребителей (для правильного применения тарифа согласно ССТП), с указанием точки подключения.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## Срок рассмотрения заявления

Энергоснабжающая организация выдает технические условия в течение 10 рабочих дней со дня приема заявления и полного пакета документов.

## Срок действия технических условий

Заявитель обязан выполнить требования, указанные в технических условиях.

Срок действия технических условий - 6 месяцев.

Технические условия, выданные в соответствии с настоящим Порядком, дальнейшему увеличению мощности не подлежат.

## Заключительные положения

Энергоснабжающая организация несет ответственность за выдачу технических условий и рассмотрение необходимого пакета документов для подключения.

Все вопросы, не урегулированные настоящим Порядком, решаются в соответствие с требованиями нормативных правовых актов Кыргызской Республики.